## ИСТОРИКО-ФИЛОСОФСКИЕ НАУКИ

**УДК 391.687.12**

***Ташкулова Ш.Б.***
*к.ф.н., доц. Кыргызско-Узбекс. Межд. универ. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика*

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КААДА-САЛТТАРЫНДА КОЛДОНУЛГАН КИЙИМДЕР ЖАНА БУЮМДАР (ФИЛОСОФИЯЛЫК АНАЛИЗ)

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары улуу кыргыз эли байыртадан дүйнө жана үзөңгүлөш жашаган элдерден өзүнүн каада-салты, жашоо маданияты, искусствосу жана диний ишенимдери менен айырмаланып келгени жөнүндө, өзгөчө руханий дүйнөсүнүн бийиктиги жана тазалыгы менен өзгөчөлөнүп, жогорку деңгээлдеги маданий мурастарды жаратып, муундан муунга таберик катары калтырганы айтылат. Изилдөөнүн максаты коомдун руханий жашоосунда унута калып бара жаткан каада-салттар, үрп-адаттар менен байланышкан салттуу кийимдерди кийүү эрежелери (адептери) каралат. Изилдөөнүн методдору –процессинде системалык, тарыхый, музей экспонаттары, ушул багыттагы изилдөөчүлөр жана салттуу билимдерди алып жүргөн улуу муундар аркылуу маалымат алып, алынган маалыматтарды жаштарга жеткирүү болуп саналат. Алынган натыйжалардын илимий баалуулугу коомдун руханий жашоосунунда колдонуучу улуттук баалуулуктарды аныктоодо турат. Изилдөөнүн жыйынтыктарынын практикалык мааниси коомдун руханий жашоосу башка маселелер менен катар эң башкы орунда турат. Бул жумуш студенттерге, чыгармачыл борборлорго сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *тарых; каада-салт; улуттук баалуулуктар; көчмөн маданияты; салттуу кийимдер; жаш өзгөчөлүк; аймактык өзгөчөлүк; мурастар; уламыштар; тарбиялоо; этникалык кыргыздар; буюмдар.*

# ОДЕЖДЫ И ПРЕДМЕТЫ ИСПОЛЬЗУЕМЫЕ В ТРАДИЦИЯХ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА (ФИЛОСОФСКИЙ АНАЛИЗ)

*Предметом исследования в данной работе является великий кыргызский народ с древними отличающиеся до сих пор от других народов своими обычаями, культурой быта, искусством и религиозными верованиями, а также чистотой духовного мира, они создавали культурные наследия высокого уровня и оставили эти наследия из поколения в поколение как почитаемое и священное. Цель исследования - рассмотреть правила (манеры) ношения традиционной одежды, связанные с традициями и обычаями, которые забываются в духовной жизни общества. Методами исследования являются систематические, исторические, музейные экспонаты, исследователи данного направления и старшие поколения, которые несут традиционные знания и передают полученную информацию молодежи. Научная ценность полученных результатов заключается в определении национальных ценностей, используемых в духовной жизни общества. Практическая значимость результатов исследования состоит в том, что духовная жизнь общества является важнейшим среди других вопросов. Работа рекомендуется для студентов, творческих центров.*

***Ключевые слова:*** *история; традиция; национальные ценности; кочевая культура; традиционная одежда; возрастная характеристика, региональные особенности; наследство; легенды; воспитывать; этнические кыргызы; способы изготовления*

# CLOTHING AND ITEMS USED IN THE TRADITIONS OF THE KYRGYZ PEOPLE (PHILOSOPHICAL ANALYSIS)

*The subject of research in this work is that the Kyrgyz people from ancient times differed from the world and other like-minded peoples in their customs, culture of life, art and religious beliefs and also in the height and the purity of their special spiritual world, they created high-level cultural heritage and left these legacies from generation to generation as revered and sacred. The purpose of the research is to consider the rules (manners) of wearing traditional clothing associated with traditions and customs that are forgotten in the*

*spiritual life of society. Methods of the research are systematic, historical, museum exhibits, to convey to young people the information received from researchers in this field and older generations carrying traditional knowledge. The scientific value of the results obtained lies in the determination of national values used in the spiritual life of society. The practical significance of the results obtained is that the spiritual life of society comes first along with other issues. The results obtained are recommended for university students and creative centers.*

***Key words:*** *story; tradition; national values; nomadic culture; traditional clothes; age characteristics; regional characteristics; inheritance; legends; bring up; ethnic kyrgyz; manufacturing methods.*

Каада-салт – кандайдыр бир элдин турмуш тиричиликтеги, үй-бүлөдөгү жүрүм-турум нормалары, эрежелери, ырым-жырым, адеп-ахлак, каада-жөрөлгө, жол-жоболордун жыйындысы. Каада-салт улут менен кошо пайда болуп, узак мөөнөт жашап келген, белгилүү географиялык чөйрөгө жана тарыхый шарттарга байланыштуу калыптанган, ар бир элдин, этностук топтун, улуттун ичинде гана салыштырмалуу туруктуулукка ээ жана бир муундан экинчи муунга тынымсыз өтүп, коомдук пикирдин күчү менен аткарылып жана сакталып турат. Кыргыз элинин каада-салттары көчмөндүк шартта тектеш этностук-маданий чөйрөнүн өз ара байланышында жана таасиринде түзүлөт. Каада-салттарды жана үрп-адаттарды ар кандай ырым-жырымдар, жөрөлгөлөр коштойт. Кыргыз элинин үрп-адаттары, каада-салттары жана материалдык маданияты анын улуттук этностук өзгөчөлүгүн аныктайт. Салт - муундан муунга, укумдан тукумга өтүп, узак мөөнөт бою сакталып келген социалдык жана маданий мурастын элементи. Салттардын негизги милдеттеринин бири - жаштарды ыймандуулукка, адептүүлүккө, жоопкерчиликтүү болууга, ата-эне, эл-журт алдында милдетти сезе билүүгө, улууларды сыйлоого ж.б. жакшы сапаттарга тарбиялоо. Кыргыз элинин калыптануу процесси өтө татаал жана эки миң жылдан ашуун убакытка созулган. Кыргыз эли этнос болуп калыптангандан бери тарыхтын татаал жолунан басып өтсө да, улут катары өзүнчө өзгөчөлүктөрүн сактап, бүгүнкү күндө өз маданиятына, руханий байлыгына ээ көз карандысыз эгемендүү мамлекетке айланды. Өзгөчөлүктөрү: улуттун тили, дини, каада-салты. Башка элдерден кыргыздар бай маданий мурасы жана өзүнө гана тиешелүү каада-салты менен айырмаланат. Ата-бабаларыбыз илгертен өзүнүн турмуштук түшүнүктөрүн, дүйнө таанымын билдирген элдик каада-салттарды, үрп-адат, ырым-жырымдарды жаратты. Көз карандысыз мамлекетте жашап жаткан ар бир кыргыз атуулу өз элинин тарыхын, маданиятын билип, үйрөнүп, улутунун бай маданий мурастарын сыймыктануу менен жаш муундарга калтырып, сактап калуусу зарыл [1].

Салт – коомдук турмуштун бардык сферасына: экономикага, саясатка, маданиятка, илимге, турмуш-тиричиликке, үй-бүлөгө, коомдук психологияга мүнөздүү кубулуш. Үрп-адат – салыштырмалуу туруктуу жана датка айланып кеткен, тигил же бул жарандык жана үй-бүлө тиричилик актыларды өткөрүүдөгү жол-жобо, эреже, тартип [2]. Салтту кийимдердин түзүлүшүндө жана кийүү тартибинде көптөгөн ырым-жырымдар сакталып келген. Аларга түшүрүлгөн сайма көчөттөрдүн кээбирлери тотемдик белги катарында каралган. Кыргыз элинде айтылган уламыштар кийимдерге сүрөт болуп берилген. Мындай сүрөттөрдү жамандыктан сактоочу белги катары карашкан. Кездемелердин түстөрүн тандап алууда ар кандай магиялык касиеттерин айтышкан. Ак жана кызыл түстөгү кездемеден тигилген өзгөчө касиетке ээ деп эсептешип, үйлөнүү үлпөтүндө, даражасы жогорулаганда кийишкен. Ал эми кара түстү азанын түсү деп аташкан.

Куда-сөөк күткөндө да салттуу кийимдер зор мааниге ээ болгон. Салттуу коомдо кийит кийгизүү сый көрсөтүүнүн бир белгиси катары каралган. Куда-сөөктөрдүн социалдык абалы кийиттин ар түрдүүлүгүнө, баалуулугуна таасир берген. Аларды кийгизүүдө кымбат баалуу

кездемелерден тигилгендерди колдонушкан. Орто-Азия таралыштагы кийимдердин түзүлүшүндө ар бир элдин өздөрүнө гана тиешелүү ырым-жырымдары, үрп-адаттары, каада-салттары камтылган. Алардын ичинен кыргыз, казак, өзбек, тажик элдерине байланыштуу белгилер башка элдерден бир кыйла айырмаланып, өзгөчөлөнүп тургандыгын илимий эмгектерден кездештирүү кыйын. Салттуу кийимдер тууралуу маалыматтарды УИАнын илимий кызматкери С.Табышалиев 1946-жылы уюшулган этнографиялык экспедициясына чогултуп келген. Анын изилдөөлөрүндө куда күтүү, кийит кийгизүү мамилелери каралган. Кийит кийгизүүдө кээ бир салттуу кийимдердин түрлөрү гана эске алынып, толук маалымат жазылбай калган. Кыргыздардын арасында төө чепкен кийимин кийит катарында куда-сөөккө кийгизишкен. Жасалган жүнүнүн бышыктыгы, жылуулугу жана жаандын суусун өткөрбөгөн касиети жогору бааланган. Өзгөчө ак ботонун моюн жүнүнөн даярдалган чепкен кымбатка туруп, майрамдык кийим катары кийилген. Мындай жандык аз санда болгондуктан кийим чанда гана кездешет. Ак түстөгү төө чепкенди айылдын акылман карыясы кийгенге ылайыктуу болгон. Кыргыздар адамдын ээлеген ордуна жараша кийимдердин сейрек кездешкенин даярдашкан [3].

Биз илимий изилдөөлөбүзгө таянып кыргыз элинин каада-салттарынын кээбирлерине токтолуп кетебиз. Жашоодо, кыргыз элинде эң орчундуу, олуттуу деп эсептелген салттардын бири бул – **үй-бүлө куруу**. Кыз берүү жана келин алуу өзгөчө орундуу ээлейт. Ал салтанат аймактык өзгөчөлүктөргө, жашоо шартына, ээлеген статусуна карап айырмаланат. Үй-бүлө курууда өзгөчө каада-салттар орун алып келген. Заман агымына жараша кээбир нерселер өзгөрүшү мүмкүн, бирок тарых барактарынан негизинен олуттуу каада-салттардын бири экени талашсыз. Алардын ичинен кээбир аймактардагы өзгөчөлүктөргө токтолуп кетебиз.

**Кызды көчүрүүдөгү каада-салттар.** Тажикистандын Мургаб районунда жайгашкан этникалык кыргыздарда бир өзгөчө салт бар – ал кашка жилик катмай деп аталат. Уулун үйлөп жаткан тарап бир койдун этин толугу менен бышырып кыз тарапка өткөрүп берүүдөгү салты. Той күнүнө бир күн калганда уул тарап кыз тарапка койдун этин бышырып алып келет, бирок кашка жиликти той күнү алып барарын убада кылып, эртеси эч кимге көрсөтпөй бекитип, кыздын энесинин колуна бериш керек, эреже боюнча. Жиликти кыз тараптан энесинен башка бирөөгө алдырып жиберсе бир кой берүүгө милдеттүү болгон. Кудалар келген убакта баары кашка жиликти тапканга даяр болуп турат, илгери боз үй тиккен мезгилде түндүктөн ыргытышчу экен, жилик түндүктөн жерге түшсө уул тарап жеңишке жетишкен, кокустан бирөө кармап алса кашка жиликти жеңилип, тартууга беришкен [4].

Чоң-Алайдагы изилдөөбүздө Пари апанын окуясы өзгөчө. Кыз көчүрүү тоюн жасап атайын кызына арнап бир түндүк көтөрүп (боз үй тигип) анын ичине керектүү буюмдарды жана кийимдерди жайгаштырып берген. “Кыздын башын түндүктөн чыгарып берүү” деген салтка ылайык үйүн толтуруп, түндүктүн алдына кат кат кылып жыйган буюмдардан бийиктеп олтуруп жогору көтөрүлгөн. Үйүлгөн буюмдардын үстүнө кызды чыгарганда башы түндүктөн чыккан, айтылган сөзгө ылайык колунда бар бай жердин кызына себин мол жасап беришкен. Кийимдерин кымбат кездемелерден асем буюмдардын баалуусун беришкенин көрүүгө болот. Энеси берген дүрүя жоолугунун чачысы жалаң күмүш менен каптатылганын көргөнбүз. Чачбагы да абдан асемделип жасалганынан улам бир жылкыга саткан эмесмин деп өзү айтып берген. Ал буюмдарын бүгүнкү күнгө чейин аздектеп сактап жүрөт. Кызды башка журтка аттантууда кунүмдүк тиричиликте кыйналып калбасын деп кызына кызматчы күңдөрдү кошуп бергени да тарых барактарында маалым. Келинди келгенде көр, кемпирди өлгөндө көр деп бекеринен айтылбаган чыгар. Дагы бир маектешибиз, Салтанат апанын окуясы кызыктуу. Апасы колунан көөрү төгүлгөн чебер болгонун айтат, аны көрүп таасирленип чоңойгон кызы

баалуу кездемелеринен жашырып кыркып алып, кийим-кече тигип үйрөнүп алган экен, тигүү машинкага олтурууга али эрте деп апасы макул болчу эмес дейт. Он эки жашында апасы каза болгондо, кичинесинен кудалашып койгон кайын журту батага келип, кайын энеси нооту чепкен жаап кеткенин, кийин ал башка бирөөнүн чапаны эле деп кайра алдырганын, баалуу нооту чапанын ошондо көргөнүн айтат. Салтанат апа уз айымдардан болгон үчүн бизге салттуу кийимдер боюнча көптөгөн маалыматтары менен бөлүшүп келет [5].

**Кыздын себи.** Кыргыз элинин каада-салтында кыздын себине килем, таар, шырдак, ала кийиз жана көрпө-төшөк жасалып берилген. Кээбир учурларда эки катардан деп жубу менен берилгени айтылат. Эң баалуу буюмдардан болуп **көшөгө** берилген, ал колдо сайmaланган же курактан куралып жасалган. Сеп даярдоодо “алты жаштан камдансаң ашат, жети жаштан камдансаң жетет” деген накыл сөздөр айтылып, кыз кичинекейинен тартып эле даярдыкты башталган. Электр жарыгы жок убакытта чырактын жарыгы менен сайма сайган апаларыбыздын эмгектери бүгүнкү күндө да сакталууда. Кечке үй тиричилиги менен алек болуп кечкисин чырактын жарыгында сайма сайган энелерибиз таберик буюмдарды жасаган болсо, технология өнүккөн заманда тамбур машинкалары сайма саюуда, дүйнөгө сапатсыз саймалар тарап, нукура колго сайылган сайманы саналуу эле апаларыбыз билип калгандай сезилет.

Баткен аймагында кызга сеп берүүдө богжомол даярдалган, кийим-кечесин согулган өрмөктөн даярдалган богжомолго ороп, колго өрүлгөн боо менен таңгак кылып байлашканын көрдүк. Аны жүктүн алдына жыйып койгон, азыркы чемодандын ордуна колдонулган. Бул илгери берилген “чаваданга” окшош десек болот, ал жаздануучу ошол убакытта кийим салынуучу буюм. Чавадан - жаздыктын алдынан башка жаздалуучу, жүккө жыюуда өзүнчө көрк ыроолочу сеп катары кызга берилүүчү килемче катары музейлерде жана эл арасында сакталып калган. Бүгүнкү күндөгү базар экономикасындагы сеп берүү бир топ өзгөрүүгө дуушар болду, анткени чет өлкөдөн келген буюмдар, кийимдер улуттук баалуулуктарыбыздын ордун басууда. Мисалы Туркия, Кытайдан келген килемдер, буюмдар кеңири кулачын жайууда. Курак техникасы принт техникасына (компьютер менен) алмашып, килемдер чет өлкөдөн келип, кызга септи жасоодо базардан даяр жасалган буюмдарды алуу менен жасалып жатканын көрүүгө болот. Бир тараптан ишмердүүлүк азайып, убакытты үнөмдөсө, экинчи жагынан улуттук баалуулуктарыбыздын унутулуп бара жатышына өбөлгө түзүүдө. Айыл жерлеринде да колго жасалган килем, таар, шырдактардын жасалбай калышы, кийимдердин салттуу ыкмада (саймаланбай) даярдалбай тамбурдук машинка менен жасалып калганын көрүүгө болот.

Кийим билинбегени менен тарыхты чагылдырууга салым кошкон маанилүү элемент болуп саналат. Ар бир улуттун өзүнө таандык элементтери калыптанган. Көчмөн элдердин жалпы маданияты окшош болушу мүмкүн, бирок ар улутка келгенде өзгөчөлүк байкалат. Жаш бала төрөлгөндөн тартып кийе турган кийимдери колдоно турган буюмдары менен өзгөчөлөнөт. Жаш курагына карап этап этабы менен кийимдердеги өзгөчөлүк байкалат. Кыргызда жакшылык жамандык деп кийимдердин, буюмдардын колдонуу эрежелери калыптанган, керек болсо кийимдин өң түстөрүнө да маани берилип келген. Улуу элибиз жакшылыкта ачык өңдөргө: ак, кызыл өңдөрдү көбүрөөк колдонсо, аза белгиси катары кара, көк өңдөрдү пайдаланышкан. Келиндин башына “башыңдан ак жоолугуң түшпөсүн” деп салышса, алыскы сапарга аттанган инсанга “ак жол” деп узатып, кокустан үйүнө жылан кирсе ак ундан себип узатышкан. Кыз балага кызылдан көйнөк, шөкүлө кийгизип жарашыктуу көрсөтүүгө аракет кылышкан. Мырзаларга калпагынын кыюусунан, саймасынан, жасалуу формасынан статусун жана жашын билдиришкен. Жашы улгайган инсандарга олуттуу түстөр

(күрөң, кара) колдонулуп келген. Акыркы сапарга узатууда да ак бөздү колдонуп келишкен. Жаш балдарга ачык түстөрдү колдонушуп, асем буюмдар менен кооздошкон, назик болгон балдарды инсандын көзүнөн (назары түшөт деп билишкен) алыс кармоого аракет жасашкан. Кыз балдардын чачын беш көкүл өрүп кызыл топу тигип ага үкүнүн канатынан бекитип, кемселдеринин сыртын мончоктор менен кооздоп беришкен. Биринчиден кооздук катары болсо, экинчиден назардан алыс кармоого аракет кылышкан. Уул балдардын кийимдерин өтө кооздоп жасашкан эмес, кемселдин же чапандын сыртынан кур менен курчап койгон учурлар болгон [6].

Жогорудагы изилдөөлөргө таянсак каада-салт туруктуу мүнөзгө ээ, кыргыз элинин элелтеден бери сакталып, ушул күнгө чейин жеткен улуттук баалуулуктары жана нарктуу түшүнүктөрү улуттук идентүүлүктү сактап, өнүктүрүп келген эң баалуу факторлордун бири жана улуттук идеологиябыздын өзөгү. Алар: улуттук салттарыбыз, нарктарыбыз, каадаларыбыз, адаттарыбыз менен ырым-жырымдарыбыз. Аларды кыргыздын “жетиден жетимишке чейинки” куракгагы ар бир жараны биле жүрүүгө тийиш деп балдар жазуучусу С.Рысбаевдин эмгегинде айтылат [7-9].

**Жыйынтык**

Көз карандысыз мамлекетте жашап жаткан ар бир кыргыз атуулу өз элинин тарыхын, маданиятын билип, үйрөнүп, улутунун бай маданий мурастарын сыймыктануу менен жаш муундарга калтырып, сактап калуусу зарыл экени аныкталды. Кыргыз элинин коомдук өнүгүшүнүн бардык этаптарын көркөм чагылдырып, улуттун маданиятын анын ичинде каада-салттарды өзүндө сактап келген «Манас» элдик оозеки чыгармаларын тереңдеп талдап окутуу керек экени тастыкталды. Улуттук каада – салттарды билиш үчүн коомдогу үй-бүлөлүк мамилелерге токтолуу зарыл. Себеби ар бир кыргыздын үй-бүлөсүн баштан аяк ар кандай ырым-жырым, үрп-адат коштоп жүрөт. Баланын төрөлүшүнөн тартып, аны тарбиялоо, эрезеге жеткирип, үй-жай салып берип, өзүнчө энчи бөлүп берүү, андан ары орун-очок алып, акыркы сапарга узатуудагы түрдүү каада-салттар күнүмдүк турмуштун мыйзамченемдүү көрүнүштөрү катары кабыл алынып калган. Таалим-тарбиялык мааниси зор бул каада-салттар кыргыз элинин маданиятынын бир жагын көрсөтө алат.

**Адабияттар тизмеси:**


1. Википедия. Каада-салт // [электронный ресурс] режим доступа: https://ky. wikipedia.org/wiki/. – Загл. с экрана.
2. **Музаева, Э.** Кыргыздын үрп-адаттары жана каада салттары [Текст] / Э.Музаева, Б.Солтонбеков, А.Турусбеков. - Бишкек, 2008.
3. **Момунбаева, Н.С.** Түштүк кыргыздардын салттуу кийимдери [Текст] / Н.С.Момунбаева. - Бишкек, 2014.
4. **Ташкулова, Ш.Б.** Памирлик кыргыздар жана алардын улуттук мурастары [Текст] / Ш.Б.Ташкулова, Б.К.Термечикова // Наука, новые техн.и иннов. Кыргызстана. – Бишкек, 2020. – С 226-230.
5. **Ташкулова, Ш.Б.** Талаа изилдөө материалдары [Текст] / Ш.Б.Ташкулова, Б.К. Термечикова.- Ош, 2020.
6. **Ташкулова, Ш.Б.** Кыргыз аялдарынын салттуу кийимдери (түштүк аймагынын мисалында) [Текст] / Ш.Б.Ташкулова // Наука.Образование.Техника. - Ош: КУМУ, 2023.- №3.- С. 108-114.
7. **Рысбаев, С.** Кыргыздын улуттук баалуулуктары жана нарктуу түшүндүрмөлөрү [Текст] / С.Рысбаев // - Бишкек, 2021.
8. **Ташкулова, Ш.Б.** Наследия характеризующие величие кыргызского народа [Текст] / Ш.Б. Ташкулова // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУМУ, 2022 – №3. – С.79– 85.

9. **Ташкулова, Ш.Б.** Философический смысл кыргызских узоров [Текст] / Ш. Б. Ташкулова // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2019. – №2. - С. 133 – 137.

Поступила в редакцию: 25.12.2023 г.

**УДК:947.1/9:342.54(09) (575.2)**

***Зулпуева Р.Ж.***
*к.и.н., доц. Ошского госуд. педагог. универ., Кыргызская Республика*
***Анарбекова В.Э.***
*к.и.н., доц. Центрально-Азиатского Межд. мед. универ, Кыргызская Республика*

## КЫРГЫЗ ЖАРАНДЫК КООМУНУН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ ЖАНА КАЛЫПТАНЫШЫ

*Изилдөөнүн предмети болуп кыргыз жарандык коомунун теориялык негиздерине антикалык мезгилден, азыркы учурга чейинки окумуштуулардын илимий теорияларына анализ берүү. Изилдөөнүн максаты - Кыргызстандагы жарандык коомдун калыптанышында илимий теориялык процесстердеги өнүгүү этаптарына тарыхый баа берүү. Изилдөөдө негизинен салыштырма усулдар колдонулду, ошонун негизинде кыргыз жарандык коомунун калыптанышы боюнча жыйынтыктарга ээ болууга шарт түзүлдү. Жыйынтыкка жетишүү үчүн илимий баалуулуктардын маанисин грек жана рим ойчулдарынын илимий аныктамаларын, орто кылымдардагы ойчулдардын эмгектерин жана жаңы доордогу жазуучу жана саясий ишмер Никколо Макиавеллинин тыянактарына тарыхый сереп жасалды. Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси жогорку окуу жайларда илимий кызматкерлерге,мектептерде окуучулардын жарандык активдүүлүгүн жогоорулатууга илимий-усулдук жактан колдонууга өбөлгө боло алат.Жогорудагы теманы изилдөөнүн перспективалык жагы азыркы учурдагы жарандык коомдун илимий түшүнүктөрүн, жарандык коом боюнча теорияларды жана гипотезаларды, кыргыз жарандык коомунун калыптанышынын теориялык негиздерине тарыхый сереп берүү менен Кыргыз Республикасындагы жарандык коомдун ролун жогорулатууга, мамлекет менен биргеликте иш алып барууга негиз болууга мүмкүнчүлүк берет.*

***Негизги сөздөр:*** *полития; этика; жарандык коом; полис; корпорациялар; утопиялык социализм; суверендүүлүк; трактат.*

## ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ И ФОРМИРОВАНИЯ КЫРГЫЗСКОГО ГРАЖДАНСКОГО ОБЩЕСТВА

*В данной работе предметом исследования является анализ теоретических основ кыргызского гражданского общества от античности до современных научных теорий ученых. Цель исследования - историческая оценка этапов развития в научно-теоретических процессах формирования гражданского общества в Кыргызстане. В исследовании в основном использовались сравнительные методы, на основе которых были получены результаты по формированию кыргызского гражданского общества. Чтобы прийти к выводу, был сделан исторический обзор научных определений греческих и римских мыслителей значения научных ценностей, работ средневековых мыслителей и выводов Никколо Макиавелли, писателя и политического деятеля нового времени. Практическая значимость полученных результатов может способствовать научным сотрудникам в высших учебных заведениях, научно-методическому применению в школах повышения гражданской активности учащихся. Перспективным аспектом изучения вышеуказанной темы является изучение современных научных концепций гражданского общества, предоставление теорий и гипотез по гражданскому обществу, исторического обзора теоретических основ формирования кыргызского гражданского общества позволит повысить роль гражданского общества в Кыргызской Республике, основы для совместной работы с государством.*

***Ключевые слова:*** *политика; этика; гражданское общество; политика; корпорации; утопический социализм; суверенитет; трактат.*